**Базаргүл Токтосунова Апышованын**

**«Кыргыз тилиндеги саясий терминдер»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчиси филология илимдеринин доктору, доцент **Кубатбек Саматовдун**

## ПИКИРИ

Байыркы, орто кылымдардагы, совет дооруна чейинки жана эгемендүү жылдарындагы саясий тил менен мамлекеттик бийлик терминологиясынын иликтенбегени баарыбызга маалым.

Иштин киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор, изденүүчүнүн жекече салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, диссертациянын структурасы жана көлөмү жөнүндөгү маалыматтар чагылдырылган.

1-бапта кооомдук-саясий лексика менен саясий лексиканын өз ара карым-катнашы, саясий лексиканын жана терминдеринин орус, түрк жана кыргыз тил илимдеринде иликтениши, саясий ойлордун эволюциясы, саясий лингвистиканын проблемалары баяндалат.

Эмгектин 2-бабында изилдөөнүн объекти, предмети, маалымат булактары, теориялык негиздери, изилдөө методдору, термин, терминология, термин системасы каралат.

3-бапта байыркы, орто кылымдардагы жана совет дооруна чейинки түрк жана кыргыз тилдериндеги саясий терминдер хронологиялык тартипте иликтенет. Жогорку саясий бийлик субъектерин жана объекттерин вербалдаштырган жүздөй терминге тарыхый-этимологиялык жана семантикалык анализ жасалып, алардын теги, тектеш тилдерге белгилүү даражада орток экендиги, эпидигматикалык жана парадигматикалык

касиеттери, семантикалык градациясы, синонимдик катары ж.б. белгилери далилденет.

Кыргыз тилинде эгемендүүлүк мезгилинде жаралган мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) синхрондук аспектте изилденет.

Ушул эле бапта кыргыз тилиндеги саясий терминдеринин жасалуу жолдору (лексика-семантикалык, морфологиялык, синтаксистик жана кабыл алуу) тууралуу сыпатталат.

Иштин ар бир бабынын аягында ишенимдүү жыйынтыктар чыгарылып, аягында перспективалуу корутунду жасалат.

Изденүүчү Б.Т.Апышова зарыл булактарды дыкаттык менен карап, тийиштүү материалдарды издеп таап, системага салды. Эмгекке байланыштуу илимий адабияттар менен терең таанышып, илимий таанымдын эмпириялык жана теориялык методдорун тийиштүү деңгелде өздөштүрүп, аларды ишине ийкемдүү пайдалана алды.

**Базаргүл Токтосунова Апышованын «Кыргыз тилиндеги саясий терминдер»** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жеке илимий-квалификациялык иш катары баалап, анда иштелип чыккан теориялык жыйынтыктардын курамын белгилүү даражада илимий жетишкендик катары эсептеп, аны диссертациялык кеңешке жактоого сунуш кылам жана ишти кабыл алууну суранам.

Илимий жетекчи - Жусуп Баласагын атындагы
КМУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил
кафедрасынын профессору,
филология илимдеринин доктору К. Саматов

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Курамаева Н.Т.

19. 04. 2024-жыл.